14 335

Шамырканова

Кылычтын баласынан жыйнаган ырлары.

Зар заман.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 74
99 стр. 14/IV. 81г
Кир. ФАН ССР гор. Фрунзе

инв. номер 335.

## ЗАРЗАМАН

Куру кайрат боз бала
Жазоо чикса урушта
Шондон болор маскара
Кайрат кылсаң теминип
Качалыкден
Качалыктан башкага
Катуу тийип качырып
Урушарга карамаз
Камчы тийсе кокуйлап
Жолдошуна карамаз
Эси жоктун барысы
Ушундайды санамаз
Мактансаңыз мактангын
Мына мындай иш болсо
Өлсөң дагы калбагын
Кала турган болгонсоң
Куру кайрат айтпагын
Азаматтын акмагы
Болбос ишти болжойду
Уруп кетер жер келсе
Кой десе да болбойду.
Кезенишкен жоо келсе
Жур десе да болмоойду.
Акылы жок жел өпке

Акылы жок жел өпкө
Өз кайратын көп көрөр
Бир өзүнөн башканы
Адам көрбөй чөп көрөр
Акылы бар азамат
Кылган ишин ак көрөр
Эби менен иш кылар
Эрегишкен душманга
Жалгыз кирген эр эмес
Аралашып калган соң
Качып берген жол эмес
Жалып калган адамды
Чап этектен эмес
Акылы жок адамдар
Эч немени кенебес
Кайраты бар азамат
Элден мурун качмайды.
Канча союл жесе да
Акылынан шашмайды
Эси жоктун баарысы
Мурун чырды баштайды

x x x

Эки камчы тийгенде
Качар жолун саптайды
Кайарты бар азамат
Жолдошуна каралар

x x x

Журөгү жок ургандар
Качып берип сайдырар
Мактангандын баарысы
Акмактыгы көп болор

х х х

Арты кийнин ойлобой
Элге шылдың көп болор
Акылы бар азамат
Ар нерсеге эп болор

х х х

Канча коркок болсода
Сыр алдырбас кишиге
Мактанганга көөнү жок
Сөз батырар ичине
Изат кылып тил алар
Ак сакалдын сөзүнө

х х х

Жел өпкөлөр кубанар
Балбан болсо күчүнө
Жанакыдай иш болсо
Жардам болбос кишиге

х х х

. . . . . . .аңдачы
. . . . сөзүм тыңдачы
Билип алган акылың
Бетиңиздин бардасы

х х х

Уяты бар жигиттин
Жанына келер байдасы
Ьу жалганда болбосо
Акыретте байдасы

x x x

Уяты бар кор болбос
Ачуу кылган чоң болбос
Ичи бузук жигиттин
Асли иши оң болбос

x x x

Кудай берген ырыскы
Канча жесе коробос
Кордук кылган душманың
Кайгы кылып куунабас

x x x

Акыр селимдер
Айлы жогалмас
Саманасы ушундай
Калайыктын бейли жок
Ьайкабайды өлумду
Малы бардын кеөну ток

x x x x

Жарды дебей бай дебей
Ьагы келсе колу шок
Акыр туруп ойлонуп
Кудай деген биреө жок

x x x